УДК 070. 1

Сайпидинова Н.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# БАЯНДАМА ЖАНРЫНЫН ФУНКЦИОНАЛДЫК СТИЛИ

*Журналистикадагы публицистикалык жанрлардын ичинен аналитикалык топтогу баяндама жанрынын функционалдык стили тууралуу баяндалат. Баяндама жанрынын түрлөрү боюнча басма сөз беттерине жарыяланган жанрдын талабына ылайык материалдар талданат.*

«Баяндама» (обозрение) деген сөз XIX кылымда эле жанр катары мүнөздөлгөн. Бул жанрдын алкагында адабият баяндамасы (обозрениеси) менен ар жылы орустун белгилүү сынчысы В.Г. Белинский чыгып турган

(М: Взгляд на русскую литературу 1846-1847г). Заманбап журналдык баяндамачылар адатта окуянын өнүгүшүн мезгилге жараша карашат. Ошондуктан баяндаманы «окуянын панормасы» катары кароого болот [1].

Баяндама жанрынын пайда болушу массалык маалымат каражаттарынын өз алдынча материалдарынан, окурмандардын турмуштагы бир бүтүн картинаны калыптандырып түшүнүүсүнүн жыйынтыгы болуп саналат.

Баяндаманын предмети болуп учурдагы социалдык фактылардын, окуялардын, көрүнүштөрдүн, кырдаалдардын, процесстердин жыйындысы эсептелет. Материалды тандоо коомдук турмуштун чөйрөсүн чыгармада панорама түрүндө, башкача айтканда, бийиктен көрүнгөн кең көрүнүш катары чагылдыруу зарыл [2].

Баяндама жанр катары өзгөчөлүктөргө ээ. Биринчи өзгөчөлүгү: автор коомдук турмуштагы фактылардын, окуялардын, кырдаалдардын, процесстердин жыйындысынын үстүндө иштөөсү менен байланышкан. Бул жыйындынын бардык элементтери биригип келип баяндамадагы картинанын чындыгын билгизиши керек.

Баяндаманын экинчи өзгөчөлүгү: ар бир өзүнчө турган факт, окуя, көрүнүш баяндамачы тарабынан өз алдынча каралбастан, бир бүтүндүктүн элементи катары каралат. Баяндамада материалдарды тандоодо фактылардын бири бири менен болгон байланышын табууга умтулат. Эгерде макалада автор фактылардын мыйзам ченемдүүлүгүн издесе, баяндамада мүнөздүү фактыларды издейт [3].

Баяндамада факт мыйзам ченемдүүлүктүн натыйжасы катары жалпыланат. Баяндама коомдук турмуштун, экономикалык, социалдык, саясий жана руханий жактарын, алардын бардык формаларын өзүнө камтыйт. Мисалы, өлкөдөгү саясий абал катары ар кандай партиялардын, кыймылдардын митинг-пикеттердин уюштурулушу, экономикалык абал катары өлкөдөгү ар кандай программаларды кабыл алуу (ХИПКке кирүү маселеси), маданий абал катары республикалык ар кандай кароо - сынактардын, фестиваль жана форумдардын өткөрүлүп жыйынтыкталышы ж. б.

Ал эми көрүнүштөрү жана процесстери: бүгүнкү күндөгү партиялардын, оппозициялык ар кандай агымдардын, уюмдардын өнүгүүсү, иш-аракеттери, инсандардын жана социалдык топтордун өзгөчөлүгү, катышкандардын каармандыгы, бизнесмендин айкөлдүгү ж. б.

Ар бир конкретүү баяндаманын предметтик чектелген темасы болот. Баяндаманын мазмуну элементтерге ээ. Алардын биринчиси фактылар болуп эсептелет. Баяндамада көрүнүштүн чындыгын чагылдыруучу фактылар өзүнүн орду, мамилеси жагынан да баяндаманын негизи болуп калат [2]. Мисалы: статистикалык маалыматтарды алсак болот.

Баяндаманын экинчи элементи болуп бир элементтин негизинде өнүгүүдө болгон фактылардын тандоонун натыйжасында келип чыккан ой эсептелет.

Үчүнчү элементи бул - автордук комментарий, мүнөздөмөлөр, анализ, корутундулар жана аныктамалар экендигин белгилөө керек. Баяндаманын мазмунунун элементтерин бир бүтүндүккө байланыштырып турган звено - (жик) баяндамачы көтөрүп чыккан проблема.

Баяндамачы турмуштун ар түрдүү көрүнүшүнө жараша тигил же бул проблеманы

публицистиканын башка жанрларына тийиштүү каалаган формада чагылдырууга укуктуу. Айталык, заметканын предмети болгон айрым окуялар, корреспонденциянын предмети болгон кырдаалдар, макаланын предмети болгон социалдык турмуштун тенденциялары, очерктин предмети болгон замандаштын мүнөзү, памфлеттин предмети болгон жашоодогу идеологиялык багыттын жоктугунан пайда болгон айрым көрүнүштөрдүн жыйындысын баяндама жанрынан көрүүгө болот. Мисалы, бир катар заметкалардагы айрым фактыларды белгилүү бир бүтүндүккө бириктирип, информациялык баяндама жаратууга болот [4].

Баяндама - түрдүү чыгармалардын тандалмасы эмес, анын өзөгүндө панорама принциби жаткан өзгөчө чыгарма. Баяндаманын белгиси баяндалып жаткан нерсенин ар тараптуу жана толук картинасын берүү зарылдыгы болуп эсептелет.

Баяндама жанры бир нече түргө бөлүнөт. Алар:

1. Эл аралык баяндама - жер жүзүндөгү мамлекеттердин жашоо турмушу, социалдыксаясий абалы, экономикалык жетишкендиги, жаңы ачылыштардын пайда болушу жана башкалар тууралуу баян этүү.

2. Жалпы баяндама - эгерде баяндамачынын алдында кандайдыр бир убакыттын аралыгында дүйнө континентинде, өлкөлөрдүн тобунда, республикада, областта, райондо жана башка жакта болуп өткөн маанилүү окуялар жөнүндө айтып берүүнү социалдык турмуштун негизги фактыларын өзүнө камтыса, ал жалпы баяндаманын предмети болот. Борбордук газетада чоң масштабда панорама түрүндө республикалык, областтык, райондук, шаардык турмуш жөнүндө берилип жүрөт, мындай баяндамалар майрам күндөрүндө, юбилейлик даталарда жана жыл жыйынтыгында берилгендигин кездештирүүгө болот.

3. Тематикалык баяндама – көпчүлүк убакта социалдык турмуштун бардык жагын эле чагылдыра бербестен, белгилүү бир тармактагы, мисалы, саясий, экономикалык, социалдык, айыл чарбасындагы, өндүрүштөгү, маселелерди билим берүү тармагынан, медицинадан, ошондой эле маданий турмушту чагылдыруу эсептелет. Бул учурда тандалып алынган тармактын өсүп-өнүгүүгө жеткен жакшы жетишкендиктерин же тескерисинче аксап турган абалын көрсөтүү керек. Басма сөз беттеринен экономикалык баяндама, илимий баяндама, спорттук баяндама жана башка аталыштагы рубрикалардын алдында материалдарды кездештирип жүрөбүз. Демек, ошол тармактан алынган баяндама экендигин түшүнсө болот.

4. Каттарга баяндама өз ичинен жалпы жана тематикалык болуп экиге бөлүнөт. Каттарга баяндаманын негизин окурмандардын каттарына болгон баяндама түзөт. Каттардын саны мамлекеттик маанилүү проектилерди, документтерди кабыл алууда көбөйөт. Бул учурда басма беттерине «Окурман жана газета», «Каттарга баяндама», «Окурман ой бөлүшөт» жана башка аталыштагы рубрикалардын алдында жарык көрөт. Каттардын айрым маанилүү бөлүктөрү газета беттерине жарыяланып, калган бөлүктөрү редакция тарабынан жалпылаштырылап жазылат. Каттарга баяндама жасоодо бир түрдүү каттарды чогултуп окурмандардын көбү мындай ойдо… же тескерисинче канаатандырарлык эмес пикирде… жана башка деген сөздөр менен жалпылаштырып, мисалдар менен жыйынтыктап жарыялоого туура келет. Каттарга баяндаманы редакциянын тажрыйбалуу журналисттери алып барууга тийиш.

Көпчүлүк учурда кандайдыр бир татаал, курч маселе боюнча авторлордун ойлору ар башка жана келишпейт. Мындай учурда газета бетине дискуссия уюштуруу зарылчылыгы келип чыгат. Редакция тарабынан билгичтик менен багыт берилген дискуссия коомдук пикирдин иштелип чыгышына жана калыптанышына шарт түзөт [1].

Ошентип, баяндама жанрынын үстүндө иштөө тандалып алынган темага жараша мүнөздүү фактылардан жана материалдарды тандоодон башталат. Бирок фактыларды тандоодо чындыкты туура чагылдарган окуялардын панорамасын түзүүдө журналист фактыларды кантип тандоону, кандай принципти жетекчиликке алууну, комментарийлөөнү билиш керек [3].

Биздин тандап алган темабыз боюнча 2006-жылдын акыркы жана 2007-жылдын алгачкы айларында республикалык гезит беттерине жарыяланган ХИПК маселесине байланышкан материалдарды карап көрөлү. «Эркин–Тоо» газетасынын 06.02. 07. №9 (1618) санына жарыяланган «ХИПКке кирүү Кыргызстандын эл аралык кадырын жоготот» аттуу материалда Кыргыз Республикасынын ошол кездеги Тышкы иштер министри А. Жекшенкуловдун сүйлөгөн сөзү берилген. Ошондой эле «Кыргыз Туусу» газетасынын 16-18 январь 2007-жылдагы санында «ХИПК панацеябы же катылган капканбы?» (автору Мырзакат Тыналиев) аттуу материалда Кыргызстандын бүгүнкү күндөгү карызын, андан айрым суммадагы кечүүлөр, келечектеги жылдарда төлөө мүмкүнчүлүктөрү тууралуу, Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетине түшкөн каражат жана башка маселелерге анализ жасалган. Бул материал «Теманы улантып…» деген рубриканын алдында чыгып, өткөн темадан мисал келтирет. Алсак «*Тышкы иштер министри А. Жекшенкулов ХИПКке кирүү бул өлкөнүн эл аралык имиджине терс таасирин тийгизет десе, Премьер-министр карыздардан кутулуу, тескерисинче, Кыргызстандын эл аралык имиджин көтөрөт дейт.*

*Бирок жогорудагы сандардан көрүнүп тургандай, ХИПК өлкөнүн тышкы карыздар проблемаларын толук чече албайт. Көп тараптуу карыздардан тышкары, 584 млн. доллар эки тараптуу карыздарыбыз калат. Ошондуктан ХИПКке кирген же кирбеген күндө да өлкөбүздүн тышкы карыздардан кутулуусу үчүн төмөндөгү бир катар иштерди жүргүзүүбүз керек. Биринчиден, көптөн бери айтылып жүргөндөй, капиталдарга мунапыс жарыялоо. Мүмкүн, ошондо келечекти ойлогон айрым бизнесмендер убагында ар кандай себептерден улам катууга аргасыз болгон капиталдарын алып чыгышаар?*

*Экинчиден, коррупция менен сөз жүзүндө эмес, реалдуу күрөшүү. Мында пайдаланылбай жаткан резервдер абдан көп»* - деп жазып, мисалдар менен анализ жасайт. Ушул өңдүү дагы эки-үч материалды мисал келтирсек, «Кыргыз Туусу» газетасынын 6-8 февралдагы 2007-жылы жарыяланган «ХИПК жана улуттук кызыкчылыктар» аттуу материалды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Каныбек Иманалиев жазган. Анда аталган программага кирип, бирок жыйынтык чыкпаган мамлекеттер бар экендигин, ошондой эле бул программа менен иштеген 38 мамлекеттин 34ү Африка мамлекеттери экендигин баса белгилеген. Ал мамлекеттерде билимдүүлүк маселеси, жашоонун узактыгы жана башка фактылар далилдүү көрсөтүлгөн. Андан тышкары, бул программагы кирбей проблеманы чечүү үчүн бир нече принциптер жана булактар бар экендиги конкретүү көрсөтүлгөн. Мисалы*: Биринчиси, Кыргызстандын ири кредиторлору (АКШ, Япония, Россия, Түркия, Германия) эки тараптуу карыздарды реструктуралаштыруу жана кечип салуу өңүтүндө кызматташууга басым жасоо менен, бекем аныкталган тышкы саясатты жүргүзүү керек.*

*Тажикстан ХИПКке кирбестен, тышкы карызын кечтирип салууга жетишпедиби. Үчүнчүсү - энергетика тармагын тартипке келтирүү. Бүгүнкү күндө бул чөйрөдөгү жоготуулардын денгээли 43% ды түзөт. Мисал үчүн алсак, өнүккөн индустриялуу мамлекеттерде 12% дан ашпайт. Экономикасы начар жана өнүкпөгөн инфраструктурасы бар өлкөлөрдө жоготуулар 20-23% га чейин жетиши мүмкүн. Анда биздин энергетикадагы 20% жоготуулар кайдан жаралууда? Жооп булар энергиянын «техникалык жоготуулары» эмес экендигинде, бул калган 20% өз ара эсептешүүлөр жана башка легалдуу эмес схемалар аркылуу «материалдашат» да, өлкө казынасы эмес, чиновниктер менен олигархтардын чөнтөктөрүнө түшөт. Жыл сайын мына ушундай техникалык эмес жоготуулардан улам мамлекеттин бюджетине 1,5 млрд. сомго чейин түшпөй калат. Эгерде өкмөт энергетика тармагында тартипти оңдосо, анда бул каражаттарды тышкы карыздарды жабууга багыттоого болот. Төртүнчүсү, бажы чөйрөсүндөгү башталган реформаны аяктоо. Бешинчиси, мамлекеттик башкарууну жана маамлекеттик кызматты реформалоо. Өкмөттүн жаңы курамы бардык*

*министрликтер менен ведомстволорду тыкан функционалдык инвентарлаштырууну жүргүзүү керек. Алтынчысы, авиа база үчүн ижара акысын пайдаланууну тартипке салуу. «Манас» аэропортундагы жана Канттагы авиабазалар турган аймактардын ижара акысынын каражаттары кантип жана эмнеге кетип жаткандыгы жөнүндө маселе басма сөздө жана өлкөнүн парламентинде бир нече жолу көтөрүлгөн. Адамдар биздин өлкө аймагында башка мамлекеттердин куралдуу күчтөрүн жайгаштыруудан кандай пайда алып жаткандыгын билгиси келишет. Ушуга байланыштуу, россиялык жана америкалык авиабазалардан алынган бардык ижара акы Кыргызстандын тышкы карыздарын төлөөгө кете тургандыгы жөнүндө мыйзам кабыл алууга ылайыктуу. Жетинчиси, тоо кен тармагынын, анын ичинде алтын өндүрүүнү текшерип тактоону жүргүзүү. Сегизинчи, иштебей жаткан ишканаларды сегментациялоо. Тогузунчу, бул салык реформасы деп белгилейт* .(Материал кыскартылып берилди, толук материалды тиркемеден окууга болот- С.Н.). Мында улуттук кызыкчылыкты жогору коюп, ар бир токтолгон мисалды фактылар менен далилдейт. Алынган баяндамада автор коомдук турмуштагы фактылардын кырдаалдардын үстүндө иштөөсү анык көрүнөт. Андагы каралган окуя, көрүнүш бир бүтүндүктүн элементин түзөт. Мисал кылынган фактылар бири бири менен тыгыз байланышта экендигин көрүүгө болот.

Газетага жарыяланган өлкө турмушунун жогорудагыдай маселесине кайдыгер карабаган окурман үн кошуу иретинде жазылган материалын жарыялаган. Ал «Кыргыз Туусуна» жарыяланды эле» деген рубриканын алдында «ХИПКсиз эле кутулса болот» аттуу материал «Кыргыз Туусу» газетасынын 30-январь - 1-февраль 2007-жылы жарыяланган (Автору - Токтогул Акышев). Анда аталган газетага жарыяланган «ХИПК панацеябы же катылган капканбы?» деген макаланы окуп, ага үн кошуп, ой бөлүшүүнү туура көргөн. Анда «*Кыргызстан кедей өлкө эмес, эли да ар намыстуу, чыдамдуу, 90%ы билимдүү, маданияттуу. Жылына үстөгү менен негизги алган карызды кошсок, 100 млн. доллар төгөт экенбиз. Кудая шүгүр, 2006-жылда эле жалаң ички резервдердин эсебинен 2 млрддан ашык сом бюджетибизге түштү. Элдин турмушу оңолуп бара жатат, экономикабыз бара- бара өсөт, болгону пикет-митингдерди токтотуп, саясатты кое туруп, токтоп турган өнөр жай обьектилерин жандандырып, айыл чарбасына өзгөчө көңүл буруп, ынтымакка, биримдикке келип иштесек эле бардыгы ордуна келет. Журналист Мырзакат Тыналиевдин капиталдарга мунапыс жарыялоо жана коррупция менен реалдуу, ачык, тынымсыз, аеосуз күрөш жүргүзүү керек дегенине толук кошулам*» - деп жазат. Бул - өлкөдө болуп жаткан окуяга кайдыгер карабаган адамдын пикири, үн кошуусу эле болуп калбастан, айрым бир фактылардын жыйындысын баяндаган материал болуп эсептелет.

**Адабияттар:**


1. Ворошилов В.В. Журналистика. Учебник. - СПб., 2004, 143 бет.
2. Пельт В.Д. Теория и практика советской периодической печати. -М., 1987.
3. Корконосенко С.Г. Основы теории журналистики. Учебное пособие: -СПб., 2001.
4. Ким М.Н. Технология создания журналистических произведений. - М., 2001.
5. Риторические основы журналистики (Работа над жанрами газеты) /Под.ред. Смелкова З.С., Ассуирова А.В. - М., 2001.
6. http//media.utmn.ru/library.view_book.php chapter_num=41& bid=340.
7. Жекшенкулов А. ХИПКке кирүү Кыргызстандын эл аралык кадыр-баркын жоготот. /Эркин – Тоо газетасынын 06.02. 07. № 9 санында.
8. Тыналиев М. ХИПК панацеябы же катылган капканбы? /Кыргыз Туусу 16-18 январь 2007-жылдагы санында.
9. Иманалиев К. ХИПК жана улуттук кызыкчылыктар /Кыргыз Туусу газетасынын 6-8 февраль 2007-жылдагы санында.
10. Акышев Т. /Кыргыз Туусу 30-январь-1-февраль 2007-жылдагы санында.